# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН N 958 ТОКТОМУ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮНҮН ТОКТОМУ

Бишкек шаары, Өкмөт Үйү, 2004-жылдын 28-декабры N 958

Мамлекеттик тилди өнүктүрүү үчүн уюштуруучулук, материалдык-техникалык шарттарды түзүү боюнча чаралар жөнүндө

(КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 15-ноябрындагы № 581 токтомунун редакциясына ылайык)

«Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Мыйзамды ишке ашыруу максатында, ошондой эле Кыргыз Республикасынын Президентинин 2004-жылдын 2-апрелиндеги N 120 «Эки тилдүүлүктү (билингвизм) өнүктүрүү боюнча мамлекеттик саясатты андан ары өркүндөтүү жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана расмий тилдеринин натыйжалуу иштеши үчүн зарыл шарт түзүү боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгын аткаруу үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Министрликтер, мамлекеттик комитеттер, административдик ведомстволор, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тиешелүү чараларды көрүшсүн:

Кыргыз Республикасынын жарандары, биринчи кезекте мамлекеттик бийлик органдарында жогорку жана башкы мамлекеттик кызмат ордун ээлеген адамдар мамлекеттик тилди эркин, акысыз жана ыктыярдуу үйрөнүүлөрү үчүн зарыл уюштуруучулук, материалдык-техникалык шарттарды түзүү боюнча;

— иш кагаздарды мамлекеттик тилде жүргүзүүнү этап менен киргизүү үчүн компьютердик техникада кыргыз тилин колдонуу менен программалык продуктуларды жана технологияларды ишке киргизүү боюнча;

— штаттык ырааттамага кызматкер бирдигин ага мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана мамлекеттик тилдеги документтерге лингвистикалык экспертиза жүргүзүү боюнча милдеттерди жүктөө менен киргизүү боюнча (Кыргыз Республикасынын министрликтеринин, административдик ведомстволорунун жана башка мамлекеттик органдарынын бекитилген штаттык санынын жана эмгек акы фондусунун чегинде).

(КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 15-ноябрындагы № 581 токтомунун редакциясына ылайык)

2. Кыргыз Республикасынын Билим берүү министрлиги, карамагында мамлекеттик жогорку окуу жайлары бар башка министрликтер жана ведомстволор, жергиликтүү мамлекеттик администрациялар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары:

— системаларды өркүндөтүү боюнча бардык зарыл чараларды көрүшсүн:

кыргыз тилинин окутуучу кадрларын жана котормочуларды даярдоо жана кайра даярдоо, окуу китептерин, окуу-методикалык куралдарын, сөздүктөрдү, сүйлөшмөлөрдү жана өз алдынча үйрөткүчтөрдү мамлекеттик тилде даярдоо жана чыгарууну камсыз кылуу;

кыргыз тили жана адабияты окутуучуларын, мамлекеттик тилдеги мыкты окуу программаларынын, окуу китептеринин жана окуу куралдарынын авторлорун материалдык жактан стимулдоо;

— мектепке чейинки жана мектеп мекемелеринде жана жогорку окуу жайларында мамлекеттик тилди окутуунун тиешелүү деңгээлин камсыз кылышсын;

— мектепке чейинки жана мектеп мекемелеринде жана жогорку окуу жайларында кыргыз тили жана адабиятынын типтүү кабинеттерин (борборлорду) түзүшсүн, аларды лингафондук аппаратура жана окутуунун заманбап башка техникалык каражаттары, окуу-көрсөтмө куралдар менен жабдышсын.

3. «Учкун» АКсына, «Акыл» АКсына, Т.Суванбердиев атындагы «Кыргызполиграфкомбинат» АКсына төмөнкүлөр сунуш кылынсын:

— мамлекеттик тилде китеп чыгарууну жана гезит-журналдык иштерди өнүктүрүүнү камсыз кылуу;

— Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссияга мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө багытталган басма продукцияларды чыгарууга көмөк көрсөтүү.

4. Кыргыз Республикасынын Улуттук телерадиокорпорациясына мамлекеттик тилди өнүктүрүү проблемаларына арналган ар жумалык телерадиоберүүлөрдү такай уюштуруу сунуш кылынсын.

5. Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө» Мыйзамын, Кыргыз Республикасынын Президентинин «Эки тилдүүлүктү (билингвизм) өнүктүрүү боюнча мамлекеттик саясатты андан ары өркүндөтүү жат. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана расмий тилдеринин натыйжалуу иштеши үчүн зарыл шарт түзүү боюнча чаралар жөнүндө» Жарлыгын ишке ашырууну камсыз кылуу боюнча зарыл каражаттарды республикалык бюджетте жыл сайын өзүнчө сап менен карасын.

| | | |
|---|---|---|
| Кыргыз Республикасынын Премьер-министри | | Н.Танаев |